Омар – КЫРГЫЗСТАНЫМ

с. Жылдызбек Турсунбаев, Кундуз Качкынбаева
о. Мирлан Ниязов

Тарыхы бар нечен,
Ынтымагы дайым бекем.
Ала-Тоо - бешигим,
Башым ийип, таазим этем.
Керемет аймагы,
Желбиреп турсун байрагы.
Булагын таш жарып,
Булбуллай сайрагын.

Кайырма:
Кыргызстаным, Кыргызстаным!
Билем мен, бир өзүңдө ырыс-багым,
Өзүңсүз атпайт таңым.
Кыргызстаным, Кыргызстаным!
Керекпи? Бир өзүңө арнайм жаным,
Аябай тамчы каным!

Мекеним, медерим,
Ыйыксың, аны сеземин.
Түбөлүк сактайбыз,
Түшүрбөй бийик желегиң.
Баарыбыз бул тапта,
Баркыңды сезбей турсак да.
Кемитпей беребиз,
Келечек урпакка.

Кайырма:
Кыргызстаным, Кыргызстаным!
Билем мен, бир өзүңдө ырыс-багым,
Өзүңсүз атпайт таңым.
Кыргызстаным, Кыргызстаным!
Керекпи? Бир өзүңө арнайм жаным,
Аябай тамчы каным!

Менин алтын уям,
Бакытымдай туям.
Уча бер оболоп,
Бардыгы оңолот!

Кайырма:
Кыргызстаным, Кыргызстаным!
Билем мен, бир өзүңдө ырыс-багым,
Өзүңсүз атпайт таңым.
Кыргызстаным, Кыргызстаным!
Керекпи? Бир өзүңө арнайм жаным,
Аябай тамчы каным!